# Мачу-Пикчу



Автор: Абдиметалиева Мира

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Мачу-Пикчу

Автор: Абдиметалиева Мира
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Мачу-Пикчу*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/), за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Мачу-Пикчу" (кыргыз тилинде), автор Абдиметалиева Мира, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сырткы бет @wirestock, © 2021 https://www.freepik.com. https://www.freepik.com/free-photo/machupicchu_8408865.htm; 1-б moonykim, © 2021 https://pixabay.com. https://pixabay.com /de/photos/wolke-nebel-machu-picchu-pixar-inca-363135/; 2-б @wirestock, © 2021 https://www.freepik.com/. https://www.freepik.com/free-photo/mesmerizing-view-machu-picchu-covered-by-clouds_10303688.htm.; 3-б CC0 1.0. https://pixy.org/6100665/; 4-б Cusco_School. CC0 1.0. https://commons.wikimedia.org/wiki/File:PachacutecIXinca.jpg#filelinks; 5-б John Vanderlyn. CC0 1.0. https://commons.wikimedia.org/wiki/File:Landing_of_Columbus_(2).jpg; 6-б Tomaz Kunst, © 2021 www.shutterstock.com. 7-б Harris & Ewing, photographer. CC0 1.0. https://commons.wikimedia.org /wiki/File:Hiram_Bingham_III_in_1916.jpg. 8-б terekhov igor, © 2021 www.shutterstock.com. 9-б estergb, © 2021 https://pixabay.com. Creative Commons CC0 https://pixabay.com/de/photos/peru-inca-machu-picchu-berg-2753528/; 10-б Russell Johnson, © 2021 www.shutterstock.com. 11-б lu_sea, © 2021 www.shutterstock.com. 12-б staceylemire, © 2021 https://www.needpix.com. https://www.needpix.com/photo/743242/mountain-peru-andes-altitudemachu-picchu-free-pictures-free-photos-free-images-royalty-free.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мачу-Пикчу – сырдуу жана табышмактуу инки элинин байыркы шаары. Аны 15-кылымда курушкан. Шаарда көптөгөн храмдар, үйлөр бар.

Шаар Перу мамлекетинин аймагында, деңиз деңгээлинен 2400 метр бийиктиктеги тоонун кырында жайгашкан.

2007-жылы Мачу-Пикчу дүйнөнүн жаңы жети кереметинин тизмегине кошулган.

Жыл сайын дүйнөнүн булуң-бурчунан миңдеген туристтер ушул архитектуралык искусствонун ажайып шедеврин көрүүгө келишет.



Мачу-Пикчунун качан салынгандыгы, ал жерде канча киши жашагандыгы, анын чыныгы аталышы кандай болгондугу тууралуу так маалыматтар жок. "Мачу-Пикчу" деген сөздү жергиликтүү кечуа уруусунун тилинен которгондо "эски тоо " дегенди билдирет. Кээде аны "булут арасындагы шаар" же " инктердин жоготкон шаары" деп да атап коюшат.



Уламыштардын биринде шаарды инктердин башчысы Пачакутек Юпаки курдурган деп айтылат. Ал кездеги инктердин Куско падышачылыгын Пачакутектин атасы Виракоча Инка башкарып турган.

1438-жылы коркунучтуу жана жоокер чанка эли Куско падышачылыгына кол салган. Алардын аскерлери инктерден алда канча көп болгон. Пачакутектин атасы Виракоча Инка душманга күчү жетпесине көзү жетип, Калка чебинде жашырынып калат. Пачакутек душманга багынып бербейт. Ал инктердин аскерин баштап, ишенимдүү түрдө жеңишке жетет. Бул окуяны инктер "пачакути" – "дүйнөнү өзгөртүү" деп аташкан. Бул тарыхтагы маанилүү окуя болгон. Ушул жеңиштен кийин жаш кош башчы Пачакутек ("дүйнөнү өзгөртүүчү") деген ысымга ээ болгон.



Пачакутек Куско падышачылыгын башкарып, инктердин империясын негиздеген. Пачакутектин убагында инктер ээлеген аймактар аябай кеңейген. Айыл чарбасында заманбап жабдыктарды колдонуу менен, адамдардын жашоосу бир кыйла жеңилдеген. Ушул учурда инктер Мачу-Пикчу шаарын курушкан. Инктердин башкаруучулары кышкысын Мачу-Пикчуда жашашкан деп айтышат. Ал жерде алар маанилүү диний ырым-жырымдарды жасашкан.



15-кылымда инктердин империясы дүйнө жүзүндөгү эң чоң мамлекеттердин бири болгон.

Империя испан баскынчылары келгенге чейин өкүмүн жүргүзгөн.

16-кылымда испандар инктердин көп аймагын басып алышкан. Алар инктердин акыркы башкаруучусун өлтүрүшкөн. Ошентип, улуу империя жок болгон.



Инктердин көптөгөн шаарлары, айыл-кыштактары талкаланып, жок кылынган. Ал эми Мачу-Пикчуну баары таштап кетсе да, ал мурдагыдай эле зыңкыйып, өзүнө сыр каткан бойдон турат.

Жергиликтүү тургандар Пачакутектин улуу шаары тууралуу эч кимге айтышкан эмес. Мачу-Пикчунун бар экендиги дүйнө жүзүнө 1911-жылы гана белгилүү болгон.



Мачу-Пикчуну америкалык археолог жана изилдөөчү, Гарвард университетинин доктору Хайрам Бингем ачкан. 20-кылымда ал Перуга келип, байыркы Чокекиаро шаарына зыярат кылган. Ал шаардагы эски аянттарды, үйлөрдү, суу түтүктөрүн көрүп, алардын ушунчалык жакшы сакталганына таң калган.

Бул тууралуу илимий макала жазган. Бир канча убакыт өткөндөн кийин, илимий экспедиция уюштурулуп, Перуга жөнөтүлгөн. Ушул экспедиция Мачу-Пикчу шаарын ачкан.



Адамдар азыркы күнгө чейин ушундай суроолорду берип келишет:

Эмне үчүн Мачу-Пикчуну керемет деп эсептешет?

Инктер Мачу-Пикчуну канча жыл курушкан?

Эмне үчүн курулуштун оор экенине карабай, инктер тоонун башына таштан шаар салышкан?

Эмне үчүн Перу сейсмикалык жактан коркунучтуу аймакта жайгашса да, ошончо кылымдан бери жер титирөөлөр шаарды кыйраткан эмес?



Байыркы архитекторлор таштарды кантип бири-бирине ушунчалык тыгыз кынап тизишти экен? Таштардын арасына бычактын мизин да киргизүүгө мүмкүн эмес.

Инктер деңиз денгээлинен 2400 метр бийиктикте турган шаарды ичер суу менен кантип камсыз кылышкан?



Окумуштуулар бул тууралуу эмне дейт?

Мачу-Пикчунун канча жыл салынганын эч ким билбейт. Тоонун кырында тургандыгына байланыштуу, шаар селден, жер көчкүлөрдөн аман калган.

Мачу-Пикчу геологиялык эки бөлүнүүнүн ортосуна салынган. Ушундай жерге жайгашкандыгына байланыштуу, жер титирөөдө таштар жылышып кетпей, серпилип эле кайра ордуна келип калат. Шаарда негизги имараттар жана тепкичтер геологиялык бөлүнүүлөргө ылайыкталып курулган.



Дайыма болуп турган жер титирөөлөр тоонун кыртышын упуратып, таштарды иштетүүгө жеңилдик берген. Алар таштардан каалагандай формаларды жасашкан.

Мөңгүдөн өриген суу жана жамгыр суусу шаардын ичине түтүктөр тутуму (акведук) аркылуу агып турган.



Мачу-Пикчу – планетадагы туристтер эң көп келген жер.
Шаарды көрүү үчүн күнүгө эки миң беш жүздөй адам келип турат.
Сен да инктердин байыркы шаарына баргың келеби?

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Абдиметалиева Мира
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.freepik.com, https://pixabay.com, https://pixy.org,
https://commons.wikimedia.org www.shutterstock.com, www.needpix.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - **4.1 деңгээли**
  - 4.2 деңгээли